**А. Жансейитов атындагы орто мектебинде 2022-2023-окуу жылынын 16 - декабрында жалпы окуучулар чогулушу болуп өттү.**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Кылмыштуулуктун алдын алуу
2. Зыяндуу заттарды колдонбоого чакыруу.
3. "Зордук-зомбулукту" алдын алуу.
4. Жаңы- жылдык кечелердин алдын алуу.

Катышкан окуучулардын саны: 60

Катышкан мугалимдер : 15

Мектептин тарбия завучу: Исламбек к А

Айылдын башкы имамы: Турсуналиев Арстанбек

ИДН: Любовь. Р

Милициянын ага – лейтенанты: Ибраев М.

**Угулду:**

**1.Маселе боюнча**: Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча Исламбек к Асель сөз сүйлөп, төмөнкүлөргө токтолду. Окуучулардын тартибин , тамеки, алкоголь, клей жыттаганын айтып, алардын тийгизген зыяндуулугун түшүндүрүп өттү. Окуучулардын жүрүм – турумун, окуучуга милдеттүү болгон жакшы сапаттарды айтып, телефондон алыс болууну сунуштады. Үйдөн ата-энелер ар бир баласына көзөмөл болуп,телефондун ордуна китеп окуу сунушун айтты. Азыркы күндө балдар эмес кыздар көп басып жатышат. Анын кесепети эрте никеге туруп, коомдун социалдык проблемасына айланат. Билимдүү киши тартиптүү болот.

**ИДН** өз сөзүндө окуучларга келе жаткан жаңы – жылда отуруштарды, кечелерди уюштурбоосун эскертип, жана уюштуруп берген ата-энелерге штраф салаарын эскертип өттү. Ар кандай кырсыктардын алдын –алуу үчүн рейддер жүргүзүлөөрүн, мектеп жетекчиликтерине , класс жетекчилерге тапшырмалар берилип, милдеттендирилет. Ата-энелерди мектеп менен байланышта болуп балдарын үйдөн көзөмөлгө алуусун суранды. Ар кандай майда барат, урруулук иштери болуп жатканын айтып 150 сомдук зым уурдап сатышса, кармалып калып анын ордуна 15000 сомдук штраф төлөп жатышат. Мына ушундай иштер болуп кетпеш үчүн, балдарыбыздын ар бир кадамын көзөмөлгө алалы. Жаңы жыл күнү жана ага чейинки күндөрдө балдарыбызды көчөгө чыгарбай түшүндүрүү иштерин силер менен биз биргеликте жүргүзөлү.

**Айылдын башчы имамы**: Турсуналиев Арстанбек сөз сүйлөп

балдарыбызды сыйласак. Анан башкаларды сыйлаганды үйрөнөбүз. Биз укканга караганда көргөнүбүздү жасайбыз ошондуктан балдарыбыз үйдөн эмнени көрсө, көчөгө чыгып ошол нерсени жасашы мүмкүн. Ошондуктан туура тарбияны биз ата-энелер үйдөн беришибиз керек. Кыргызда "Улууну урматто, кичүүнү ызаттоо" деген сөз бар. Ушул сөздүн маанисин түшүнүп балдарыбызга тарбия берсек жакшы болмок.

Ошондой эле тамекинин алкогольдун зыяндуу жактары жөнүндө кеңири маалымат берди. Адамдын акылында кыял да, максат да жашайт. Ошол кыялды да максатты да туура коюш керек экенин балдарга үйрөтүү ата-эненин милдети экенин эскертти. Биз ата-энелер балдарга максатты туура коюуну үйрөтпөгөнүбүздүн себеби, балдарыбыз туура эмес жолго барып жатат.

**Мектептин мүдүрү:** Касенова Бегайым сөз сүйлөдү. Ата-энелерге зордук зомбулук, кылмыштуулук жөнүндө маалымат берди. Эрте никеге туруу жөнүндө айтып, ата-энелерге эскертүүлөр берилди. Урматтуу ата-энелер бизди туура түшүнүп, туура кабыл алгыла. Негизи мугалимдер окуучуларды жыйырма төрт саат караганга укугу жок., тарбия бул үйдөн башталат. Мугалимдер сегизден түшкү бирге чейин гана жооп берет. Андан кийин ата-энелер жооптуу. Телефондун зыяндуу жактарын түшүндүрүп, аны убагы менен туура пайдаланыш керек экенин эскертти. Ата-энелер балдарына туура багыт берип ар кандай коомдук ийримдерге, олимпиадаларга катыштырууга аракет кылуусун суранды.

**Ата – энелерден** дагы сөз сүйлөшүп, өздөрүнүн ой пикирлерин айтышып , келген конокторго ыраазычылыктарын билгизип жана ошондой эле мектеп жамаатына да ыраазычылыктарын айтышты.

Жогорудагы ой – пикирлерди угуп , чогулуш төмөнкүдөй токтом кылат.

**ТОКТОМ**

Ата-энелер мектеп менен дайыма байланышып турушсун.

Кылмыштуулукту, зордук-зомбулукту алдын – алууга, ата-энелер, класс жетекчилер, мугалимдер, мектеп жетекчилиги жалпы иш алып берышсын.

Кечки рейд жүргүзүлсүн.

Жаңы – жылдык кечелердин алдын - алууга иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Мектеп мүдүрү:** ____________ **Касенова Б.Т**

**Тарбия завучу:** ____________ **Исламбек к А**